А. ТОЙЧУБАЕВА, А. ЮНУСАЛИЕВА

# АЛИППЕ

**Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 1-классы үчүн окуу китеби**

*Жаңы басылым*

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуш кылган



ТАШКЕНТ – 2021

УЎК 37.016:81-028.31
811.512.154
КБК 74.268.3
81.2(5Кир)
Ю 49

**Тойчубаева А. М,. Юнусалиева А. А.**
Алиппе 1-класс [Текст] : окуу китеби / А. М. Тойчубаева,. А. А. Юнусалиева, – Тошкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. – 80 б.

**Пикир жазгандар:**

**М. Темирова** – Андижан мамлекеттик университети кыргыз тили жана адабияты багытынын доценти, филология илимдери боюнча философия доктору (PhD);


**Н. Алисултанова** – Андижан мамлекеттик университети кыргыз тили жана адабияты багытынын улук окутуучусу.

## Шарттуу белгилер:

О – үндүү тыбыштар;

Й – үнсүз тыбыштар;

 – ойлоп тап;

 – сүрөт менен иштөө;

 – оку;

 – сабак аяктады.

SCAN ME
TO GET TO DIGITAL RESOURCES
http:// ...QIRG'IZ TILIDA

**DIQQAT!**

Darslikni to‘ldiruvchi raqamli tashkil etuvchilarga o‘tish uchun **QR kod** yoki **veb saytdan** foydalaning.

**dr.rtm.uz**

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**


ISBN 978-9943-7297-3-5

© Республикалык билим берүү борбору, 2021.

# 1-СЕНТЯБРЬ – ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МАЙРАМЫ











А Б






A B






A-Z





# Aa

*Aa*






a _ _ a



a _ a




a _ _ a



a _ _ a _



a _ a




a _ a _

# Оо

Оо




| | | | |
|---|---|---|---|
| по | оп | о-по | оп-по |
| па | ап | а-па | |












 ______ .


 ______ ______ .




# Уу

*Уу*

ау | уп
оу | пу




| у | |
|---|---|




| | у | | | |
|---|---|---|---|---|



| у | |
|---|---|





| у | | | |
|---|---|---|---|



| у | |
|---|---|




# Тт

*Тт*



| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| та | ат | а-та | тап | ат-та |
| то | от | о-то | топ | от-то |





А-па, топ. То-ту, топ ________.



Т _ _ _ _




Т _ _



Т _ _ _ _ _ _



Т _ _ _ _ _ _




Т _ _

| | |
|---|---|
| то | ту |
| от | то |
| ут | ту |

<table>
<tr><td colspan="4">Тоту</td></tr>
<tr><td colspan="2">То</td><td colspan="2">ту</td></tr>
<tr><td>Т</td><td>о</td><td>т</td><td>у</td></tr>
</table>



[ ] то-пу. А-па□ [ ] то-пу [ ].



[ ] [ ].

То-ту ут-ту.


т — а
т — о
т — у


а — т
о — т
у — т

# Ээ

*Ээ*





А-па  ______ ______.

 ______ ______.

А-та ______.



А-па ______.



п т

э

□ □





# Лл

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ла | ал | тал | э-ле | А-пал |
| ло | ол | тол | э-лет | то-ло |

Ал – А-пал. Ал – тал. А-та, тал ______.

А-пал  ______.

А-па  эле.  эт ______.

л – а, о, у

а, о, у – л

# Мм

Мм



| | | |
|---|---|---|
| ма | мал | ал-ма |
| мо | мол | ма-ла |
| му | там | му-му |
| ме | том | мо-ло |

А-па, ал-ма ал.  то-ло ал-ма.







Й А Б Т О К У

| | | |
|---|---|---|
| Т | А | Й |





| ту | пу | лу | му |
|---|---|---|---|
| те | пе | ле | ме |

 ______  ______.

Ал – Ло-ла. Ло-ла  ______.


Ал – Ма-мат. Ма-мат  ______.

# Кк


*Кк*



| ка | ак | ку | а-ке | ка-та | Ке-мел |
|---|---|---|---|---|---|
| ко | ок | ке | о-ку | ка-па | кел-ме |
| ку | ук | ке-ме | кал-пак | | |



| к | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|



| к | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|

□а-та | □а-па | та-□а | ту-ма□

Ал – ак калпак. Ак кал-пак – а-та-ма.

Ке-мел  ал. Ке-мел кет-пе.
А-пал, кат ал. Кат а-па-ма.

к – а, о, у, э

а, о, у, э – к







# Нн

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| на | не | нан | э-не | тал-кан |
| но | эн | тан | ке-нен | ку-лун |
| ну | ун | тон | ме-кен | кап-кан |

Э-не  ку-ту.



н □ □

У-лан . Ал Ме-кен□□ ______. 

Ка-нат . Ал  ______.



н — а, о, у, э

а, о, у, э — н

на, ме, то, ке — н

| | | |
|---|---|---|
| эн | ат-кан | Ма-мат |
| он | кат-кан | А-пал |
| ун | ту-ман | Ке-мел |
| ан | ку-нан | То-ту |



Ал Ак-тан.



Ал ____.

Улан, Ак-тан, Ка-нат – ____.
Ак-тан ат ка-на? Ат Ка-нат-та.
Ал ку-нан.
Ка-нат ат-ка ____.





# аа



| | | | |
|---|---|---|---|
| а | а | | |


| | | |
|---|---|---|
| таа | маа | та-лаа |
| паа | каа | ка-лаа |
| лаа | наа | таан |



| | | | |
|---|---|---|---|
| а | | а | а |



| | | | |
|---|---|---|---|
| | а | а | |



| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | а | а |

Бул та-лаа. Та-лаа ________.

Ма-мат  ________.

м, к, т, л → аа

аа ← н, л, к, п

# Бб

*Бб*





б

| | | |
|---|---|---|
| ба | бо-то | бул-бул |
| бо | ба-ка | бал-ка |







б - б

б -

б -

Бул бул-бул. Бул-бул ____.

Бул ба-ка. Ба-ка ____.


Бул бак. Бак-та  мол.

Бо-лот бак-та.




*Ии*

# Ии



и __ - __ __ - __ __ __

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ит | кит | ки-теп | би-лим | Ти-лек |
| ил | пил | ки-лем | и-лим | Э-мил |



к __ __



и __

**Ки-теп – би-лим**

Ти-лек ______ Э-мил ______ ______.

Ти-лек ______ ба-ла. Бул Э-мил. Э-мил би-лим алат.

Би-лим ки-теп-те. Э-мил ки-теп-ти оку.

7 ______ ти-лин бил,

7 ______ би-лим бил.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| к | и | т | е | п |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| | | |

| 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|
| | | |

# Йй

Йй






| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ай | май | ой-но | бай-ке | А-тай |
| ой | тай | ой-ло | ай-нек | Ай-на |
| уй | бай | ай-ла | тай-лак | Ай-бек |
| эй | кой | ой-мо | кай-мак | |

Бай-ке,  ка-на?

А-тай,  ойно.

Ай-на,  кий.

| | |
|---|---|
| а | й |
| о | |
| у | |

| | | |
|---|---|---|
| па | по | пу |
| ба | бо | бу |

б – п

б – п

пил – бил | бол – пол | бул – пул

Бул ким? Бул – ба-ла. Бул – Ай-бек.

Бул ким?













Бул эмне? Бул – пил. Бул – кит.
Бул – ки-теп.

Бул эмне?












# Рр

*Рр*





ка
та ⟶ р
бо

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ра | ро | ру | ре | ри |
| ар | ор | ур | эр | ир |



р ☐ - ☐ ☐ - ☐ ☐




р ☐ - ☐ ☐ ☐

Ай-ну-ра, бул – робот. Ал ________ ________.

Мен ро-бот менен  ________.

Ро-бот-ту Ай-ну-ра ________ ________.






# Оо



| | | |
|---|---|---|
| тоо | моо | моок |
| поо | лоо | коон |


## Тоок

Ак-мат, бул – тоок. Тоок эт,  бе-рет.

Ай-пе-ри тоок-ту ка-ра, бак. Тоок-ко  бер.



| | | |
|---|---|---|
| | о | о |



| | | |
|---|---|---|
| | о | о |

# Ыы





| ы | | - | | | | - | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| ты | пы | лы | мы | кы | ны | бы | ры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|


| ыр | ал-ты | кар-кы-ра |
|---|---|---|
| кыр | ал-тын | мык-ты |



Бу-лар Ка-лык, А-кы-лай, Ка-ны-кей. А-лар топ ой-нойт.

А-кыл топ-ту теп-ти. А-кы-лай тут-ту. Ка-лык мык-ты ба-ла.






# Cc



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| са | со | су | эс | ис | ыс |

| | | | |
|---|---|---|---|
| сат | ас-ка | са-лам | Сай-кал |
| сук | ус-та | су-роо | Са-мат |



Са-мат бул  .
Ал а-лыс-ка ______ .
– Са-лам, Са-ма-ра.
– Салам, Сай- кал.
– Са-ма-ра, бул ме-нин а-пам. Са-лам бер.
– Са-лам, а-па. Ме-нин а-тым Сай-кал.
– Сай-кал ме-нин кур-бум.
– Са-ма-ра, саат-ка кара. Са-бак-ка бар.
– Ма-кул, а-па.








# Уу

*уу*





т □ □  □ □  □ у у

| | | | |
|---|---|---|---|
| буу | суу | суук | у-луу |
| туу | куу | суу-луу | уу-лу |

### Ак-мат а-та

Ак-мат а-та ак-са-кал. Ал а-кыл-дуу а-дам. Эл а-ны сый-лайт.

Ак-мат а-та ток-сон-до. У-луу-ну ур-мат-та.







# Дд



| | | |
|---|---|---|
| да | до | ду |
| даа | доо | дуу |

д _ _ _ - _ _ _

| | | |
|---|---|---|
| дан | да-нек | Дил-бар |
| дон | да-ры | Ди-на-ра |
| дат | дарт | Да-ми-ра |





Дас-тан оо-руп кал-ды. А-та-сы да-ры а-лып кел-ди.

Дас-тан да-ры-ны ал-ды. Дары пай-да кыл-ды.

Дас-тан а-йык-ты.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| да | до | ду | де | ди | ды |
| та | то | ту | те | ти | ты |

д – т

д – т

дал – тал
доо – тоо

дан – тан
дат – тат

да-рак – та-рак
бо-до – бо-то

## Доо-рон

Доо-рон а-кыл-дуу ба-ла. Ал мык-ты о-куйт. Са-бак-тан 5 а-лат. Тар-ти-би ме-нен да мак-та-лат.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Д | А | Р | Ы | К | А | Н | А |



| 1 | 8 | 7 |
|---|---|---|
| | | |

| 5 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| | | | |

| 1 | 8 | 3 | 2 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Ы-рыс ал-ды ын-ты-мак.



# Жж





| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жа | жо | жу | же | жи | жы | жаа | жоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жал | жа-ка | жо-мок | Жа-пар |
| жол | жу-ка | жо-рук | Жы-пар |

**Жа-мал**


Жа-мал жомок китеп ал-ды. Ки-теп-те жо-мок-тор бар.

Жа-мал жо-мок-ту о-ку-ду. Жо-мок аб-дан жак-ты.


Ко-лу жок у-руп ту-рат,
Бу-ту жок ба-сып ту-рат.



# Үү









Ү - ☐☐☐

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тү | пү | лү | мү | кү | нү | бү | зү |

үн
үр
ү-түк

түн
күн
кү-лүк







**Ү-кү**


Кү-лүк жыл-кы-нын бир тү-рү. Кү-лүк ат-тар а-та-йын ка-ра-лат. Той-до кү-лүк ат-тар ал-ды-да ке-лет.



Ү - ☐☐












# Гг





| ге | ги | гү |
|---|---|---|

г __ - __ __ - __ __


г __ __

| | | | |
|---|---|---|---|
| гүл | бир-ге | и-тел-ги | Гүл-нур |
| гимн | бү-гүн | ке-ре-ге | Гүл-на-ра |

## Белек

Бү-гүн а-пам-дын туул-ган кү-нү. Мен а-па-ма гүл бе-лек кыл-дым. Гүл ап-пак жана жыт-туу эле. Гүл-дү а-лып а-пам аб-дан ку-бан-ды. Гүл со-нун белек болду.







| га | го | гу | гы |
|---|---|---|---|

| | а | - | г | | | - | | | н |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| ма-га | кар-га | бу-гу |
| са-га | жор-го | ыр-га |



## Му-га-лим

Му-га-лим ар-дак-туу ке-сип. Ал ар бир ба-ла-га там-га-ны таа-ны-тат. О-ку-тат. Би-лим бе-рет. Тар-тип-ке са-лат. Му-га-лим-ди сый-лоо ке-рек. Му-га-лим-ди ур-мат-та.

Е А Б К И

М П Т А Е


Мектеп, ...

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ка | ко | ку | кы | ки | ке |
| га | го | гу | гы | ги | ге |

к – г

*к – г*

| | |
|---|---|
| гүл | күл |
| са-га | са-ка |
| үл-гү | күл-кү |




## Кар-кы-ра ме-нен түл-кү

Бир кү-нү түл-кү кар-кы-ра-нын үй-ү-нө ке-лип, жу-мурт-ка-сын жеп ке-тет. Кар-кы-ра түл-кү-гө аб-дан ка-па бо-лот. Кар-кы-ра да түл-кү-нү кап-кан-га а-лып ба-рат. Жа-ман-дык жооп-суз кал-байт.

бал пар бак мык кан

ка та ма та

# Өө







ө ☐ - ☐ ☐ ☐


| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| тө | пө | лө | мө | кө |
| өт | өп | өл | өм | өк |

көк
өрт

көл
өл-кө


кө-пө-лөк
кө-лө-кө

**Көл**






Көл көп-көк. Суу-су ту-нук, жы-луу. А-ба-сы сал-кын. Көл-дө ка-йык көп. Ө-мүр көл-гө бар-ды. Ө-мүр-гө көл жак-ты. Көл-дө өр-дөк да бар э-ле.



Суу – өмүр.





# Зз

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| за | зо | зу | зе | зи | зы |

а-зык
кооз

ко-муз
кы-мыз



з _ _ - _ а



к _ - _ _ з



к _ - _ _ з



## Комуз

Ко-муз кыр-гыз-дын у-лут-тук ас-па-бы. Ал ө-рүк-төн жа-са-лат. А-нын 3 кы-лы бар. Ко-муз биз-дин сый-мы-гы-быз.





| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| у | л | у | т | т | у | к |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | 2 | 1 | 5 |
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 6 | 7 |
| | | | |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | 1 | 4 |
| | | |



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| за | зо | зу | зы | зи | зе |
| са | со | су | сы | си | се |

з – с

*з – с*

аз – ас
каз – кас

зоо – соо
эз – эс





**Мекенибиз – Өз-бек-стан**

Биз-дин Ме-кен – Өз-бек-стан. Ал кооз, су-луу өлкө. Өз-бек-стан ө-зөн суу-лар-га, ту-нук бу-лак-тар-га жа-на көл-дөр-гө бай.



Ээ

# Ээ



э э ☐

| | | |
|---|---|---|
| ээн | тээ | жээн |
| эр – ээр | эн – ээн | эк – ээк |




☐ э э ☐



☐ э э - ☐ ☐ ☐

## Бээ


Бээ-ден сүт саа-лат. Бээ-нин сү-тү-нөн кы-мыз жа-са-лат. Кы-мыз ден соо-лук-ка пай-да-луу. Кыр-гыз э-ли кы-мыз-ды суу-сун-дук ка-та-ры пай-да-ла-нат. Бээ-нин ба-ла-сын ку-лун дейт.



# Ңң

Ңң





| Д |  | ң | - |  |  | - |  |  | к |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| Ж |  | ң | - |  |  | к |
|---|---|---|---|---|---|---|


| | | | |
|---|---|---|---|
| аң | дөң | жаң-гак | ка-раң-гы |
| эң | кең | таң-гак | дөң-гө-лөк |

## Жаңгак

Жаң-гак көп жыл-дык ө-сүм-дүк. А-нын да-ра-гы да, мө-мө-сү да пай-да-луу. Жаң-гак-тан да-ры, май а-лы-нат. Жаң-гак эс-ке ту-туу-ну ка-лып-тан-ды-рат.

то, ке, та, те, э, а — ң





# Чч



| ча | чо | чу | че | чи | чы |
|---|---|---|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| чал<br>чөл | ча-ка<br>чү-кө | чем-пион<br>чал-кан |





ч □ □ - □ □ □    ч □ - □ □    ч □ - □ □




**Чемпион**

Ме-дет Чим-ган а-йы-лын-да туул-ган. Ал тоо-до чо-ңой-ду. Ме-дет лы-жа теп-кен-ди жак-тыр-чу. Тоо лы-жа-сы чем-пи-о-ну болду. Чем-пи-он болуу кан-дай со-нун! Ал биз-дин сый-мы-гы-быз.



| р | к | м | н |
|---|---|---|---|

| ч | а | ? | а |
|---|---|---|---|





# Көмөч



Чал кем-пи-ри-не: „Кө-мөч жа-са“, де-ди. Кем-пир кө-мөч жа-са-ды.

Кө-мөч а-лар-дан ка-чып кет-ти.

Ал  жо-лук-ту.

Коён-го ыр-дап бер-ди. Кө-мөч  жо-лук-ту. Ан-дан соң  жо-лук-ту. А-лар-дан да ка-чып кет-ти.

Кө-мөч  жо-лук-ту. Түл-кү аны жеп кой-ду.





# Үү

| | | |
|---|---|---|
| күү | түү | дүү |
| гүү | лүү | рүү |

| | | |
|---|---|---|
| э-лүү | гүл-дүү | сүт-түү |
| эп-түү | эл-дүү | эс-түү |

## Күү

Күү кан-дай пай-да бол-гон?

Ил-ге-ри бир Кам-бар-кан ат-туу мер-ген-чи бол-гон э-кен. Ал бир кү-нү жа-гым-дуу үн у-гат. Жа-кын-дап ке-лип ка-райт. Үн бу-так-ка и-лин-ген и-че-ги-ден чы-гып жат-ка-нын кө-рөт.



Кам-бар-кан и-че-ги-ни а-лып ба-рып та-за-лайт. А-ны жы-гач-ка бай-лап чертет. Ан-дан со-нун үн чыгат.

# Шш







| | | |
|---|---|---|
| ш | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ша | шо | шу | ше | ши | аш | ош | уш | эш |

| | | |
|---|---|---|
| шар | ша-ты | ша-мал |
| шор | ка-мыш | аш-ка-бак |

Ас-ты таш, үс-тү таш,
Ор-то же-ри жа-шыл аш.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| т | а | б | ы | ш | м | а | к |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 7 | 6 | 2 | 8 |
| | | | | |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | 2 | 5 |
| | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | 2 | 6 | 4 | 5 |
| | | | | |

ж – ш

*ж – ш*

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жа | жо | жу | жы | жи | же | жү | жө |
| ша | шо | шу | шы | ши | ше | шү | шө |

жар – шар
жаш – шаш

жат – шат
жык – шык

жок – шок

## Балдарга мен ыр жазам

Балдарга мен ыр жазам,
Балдар менен сырдашам.
Ырым жакса балдарга,
Балдарга мен сырды ачам.

Балдар сырын айтышса,
Катарлашып бир басам.
Үнүм жакса балдарга,
Обон созуп ырдашам.


*Сайнидин Ишенов*

| | |
|---|---|
| же | л |
| | р |
| | м |
| | з |
| | т |

Туулган жердин топурагы – алтын.

# Хх

Хх



х□ - □□□

| ах | хан | сах-на |
|---|---|---|
| ох | хор | пах-та |






**Хоккей**

Хок-кей спорт-тун бир тү-рү. Хок-кей муз үс-түн-дө ой-но-лот. Хок-кей ой-ноо ү-чүн Таш-кент шаа-рын-да Ху-мо а-ре-на-сы ку-рул-ган. Ал жер-де ар түр-дүү спорт оюн-да-ры өт-кө-рү-лөт.

а о у

х



# Өө



| | ө | ө |
|---|---|---|

| кѳѳ | тѳѳ | дѳѳ | жѳѳ |
|---|---|---|---|

мѳѳр
мѳѳ-рѳѳ

ѳ-гѳѳ
э-кѳѳ

| | ө | ө | | - | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

## Абышка менен дѳѳ





Ил-ге-ри бир а-быш-ка жа-шап-тыр. Бир кү-нү жол-дон жу-мурт-ка таап а-лат. Ан-дан а-ры ба-ра жат-са, ал-ды-нан дѳѳ чы-гат. А-быш-ка дѳѳ-нү кѳ-рүп кор-куп ке-тет. Би-рок, а-мал ой-лоп та-бат.

А-быш-ка: – Хан се-ни а-лып кел де-ди.

Дѳѳ: – Хан ме-ни эм-не кы-лат э-кен?

А-быш-ка: – Са-рай-га у-зун ус-тун ке-рек э-кен.

Дѳѳ кор-куп кет-ти. А-быш-ка-га ат ба-шын-дай ал-тын бер-ди. Дѳѳ ѳзү ка-чып кет-ти.

# Вв

*Вв*





В _ _ - _ _ - _ _ _






В _ - _ _ - _ _ - _ _ _


_ В - _ _ - _ _ _

| ва-гон | вок-зал | ви-та-мин |
|---|---|---|
| ва-за | кон-верт | во-лей-бол |

**Вокзал**

Биз темир жол вокзалына бардык. Вокзалда поезддер көп экен. Вокзалдын ичи чоң, таза, кооз. Биз бешинчи вагонго чыктык. Атам вагондо Хива шаары жөнүндө айтып берди.




# Яя





[ ][ ] - [я][ ]

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ая | у-ят | кы-як | та-як | ка-ры-я |
| уя | та-я | ту-як | а-яз | да-ры-я |


**Нияз менен пияз**



Карасаңар Ниязды,
Аарчып жатып пиязды,
Көзүнөн жаш агыптыр.
Аны көрүп Турдубек,
Оозун ачып калыптыр.
– Ниязды урду пияз, – деп,
Тез жардамга чалыптыр.


*Нургазы Минкара уулу*

та
ча
→ ян




Аяз кыз












| | |
|---|---|
| са | як |
| та | |
| а | |
| кы | |

ча-ян
ба-ян
ту-як
ма-як

тар-бия
сая-кат
кы-як
ту-ят

**Саякат**

Биз Хи-ва шаа-ры-на сая-кат-ка бар-дык. Шаар ая-бай кооз экен. Ал жер-де түр-дүү өл-кө-лөр-дөн сая-кат-чы-лар да ке-лип-тир. А-лар менен таа-ныш-тык. Сү-рөт-кө түш-түк.



ку ту у → ят


та кы ка → як

кы а у → ял





# Фф



ф □ □ - □ □ к

фер-ма | фи-зи-ка
фут-бол | фер-мер



ф □ □ - □ □ н

## Фут-бол



Талаага чык, бол,
Ойнойбуз футбол.
Булчуңдар чыңалсын,
Машыксын бут, кол.
Жакшы бул футбол,
Упайын ут, бол.
Дарбаза оозунда,
Эң илгир куш бол.

*Каныбек Жунусов*



□ □ - л □ - ф □ □

| | | | |
|---|---|---|---|
| ва | во | ву | вы |
| фа | фо | фу | фы |

в – ф

*в – ф*

фор-ма | фон-тан | Ве-не-ра | Фа-ри-да




с _ _ - _ _ - ф _ _

## Достук

Фа-ри-да ме-нен Ве-не-ра дос. А-лар бир мек-теп-те о-ку-шат. Фа-ри-да өз-бек кы-зы. Ал Ве-не-ра-га өз-бек ти-лин үй-рө-төт. Ве-не-ра кыр-гыз-ча сөз-дөр-дү тү-шүн-дү-рөт. Ко-роо-до да чо-гуу ой-но-шот. А-лар ын-ты-мак-туу дос-тор.



Жүз со-муң бол-гон-чо,
Жүз до-суң бол-сун.



# Ее

☐☐ - е

й → е ← э


| | |
|---|---|
| чие | кыр-гы-ек |
| чи-ет | по-езд |
| ки-ет | ма-ек |



## Таенем

Ме-нин та-е-нем а-йыл-да жа-шайт. Мен та-е-нем-ди жак-шы көрөм. Ал ма-га кы-зык-туу жо-мок ай-тып бе-рет. Биз-ге тоо-нун чи-е-син те-рип же-ги-ле, дейт.


Бү-гүн та-е-нем-дин туул-ган кү-нү. Мен та-е-не-ме гүл-дөн бе-лек бер-дим.



Карысы бардын – ырысы бар.



# Ёё



ко-ён | мон-тёр
бо-ёк | шах-тёр






| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | - | | ё | |



| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| с | | - | | | - | | ё | |



## Коёнум



Коёнум, коёнум!
Капустага тойбодуң.
Көлөкөңдү тааныбай,
Коркоктугуң койбодуң.

Коёнум, коёнум!
Так секирип ойногун.
Сабиз менен капуста,
Баарын эгип койгомун.

*Абдурасул Токтомушев*


# Юю








ю□ - □□



бу-юм
ку-юн

й → ю ← у

п□ - □□ - □ю□



## “Топ таш” оюну

“Топ таш” – у-лут-тук о-юн. Бул о-юн-ду кыз-дар ой-но-шот. О-юн-да кыз-дар эки топ-ко бө-лү-нү-шөт.



“Топ таш” оюну-нун түр-лө-рү көп. Бул о-юн беш, он, ан-дан да көп таш-тар ме-нен ой-но-лот. Сен да бул о-юн-ду ой-ноп көр.

**Макал**
Көп шылтоо жалкоого.



# Щщ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ща | що | щу | щи | ще |



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| щ | | | - | | |

**Щётка**

Ме-дер эр-тең ме-нен тур-ду. Ван-на-га ки-рип, бе-ти-ко-лун жуу-ду. Тиш щёт-ка-ны кө-рүп кал-ды. Күз-гү-дөн тиш-те-рин көр-дү. А-лар ак шу-ру-дай ти-зи-лип ту-руш-ту. Се-бе-би Ме-дер ар кү-нү тиш-те-рин тиш щёт-ка-сы ме-нен жууп ту-рат.

**Макал**

Та-за жүр-сөң, оо-ру-суз бо-ло-суң.

Түк-түү ти-ши бар,
Та-за-лык-ты сү-йөт ал. (щ....)

# Цц

Цц



м □ - □ □ - ц □ □ □

| | | |
|---|---|---|
| ца | цо | цу |
| цаа | цоо | цуу |

цех
цирк

це-мент
кон-церт

**Цех**


Ай-гүл-дүн а-па-сы ти-гүү це-хин-де иш-тейт. Цех-те ти-гүү ма-ши-на-ла-ры көп. А-лар цех-те бал-дар ү-чүн ки-йим-дер ти-ги-шет. Ай-гүл да цех-ке ба-рып ту-рат. Ай-гүл-гө цех а-я-бай жак-ты.



Бал-дар бар-га-нын кой-бойт,
Ал жер-де түр-дүү ай-бан-дар ой-нойт. (ц...)

# Ь

ь





□□□ь - □□

| | |
|---|---|
| конь-ки | ла-герь |
| аль-бом | фонарь |
| ме-даль | ян-варь |



□□ - □□□ь

**Апельсин**



А-пель-син жа-шыл мө-мө да-ра-гы. Би-йик-ти-ги же-ти, он э-ки метр-ге же-тет. Ме-ке-ни Ин-дия. А-пель-син ви-та-мин-дер-ге бай. Тү-сү са-ры, жыт-туу, тат-туу же кыч-кыл ши-ре-лүү. А-пель-син-дин ка-бы-гын-да жа-на жал-бы-ра-гын-да э-фир май-ла-ры бо-лот.

пал□то, кон□ки, медал□, ал□бом.



# ъ Ъ





## Подъездде

Бул үй төрт подъ-ездден турат. Подъ-ездде бардыгы он эки үй-бүлө жашайт. Алар бири-бири менен ынтымактуу. Балдары да чогуу ойношот. Ойноп жатканда өз тилдерин бир-бирине үйрөтүшөт. Бул подъ-ездеги балдар өзбек, кыргыз, орус тилдеринде эркин сүйлөй алышат.

## Үйрөнөм

Кыргыз тили эне тилим,
Өзбек тилин билемин.
Эми болсо англисче,
Билсем деген тилегим.

# АЛФАВИТ

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Аа | Аа | Лл | Лл | Фф | Фф |
| Бб | Бб | Мм | Мм | Хх | Хх |
| Вв | Вв | Нн | Нн | Цц | Цц |
| Гг | Гг | Ңң | Ңң | Чч | Чч |
| Дд | Дд | Оо | Оо | Шш | Шш |
| Ее | Ее | Өө | Өө | Щщ | Щщ |
| Ёё | Ёё | Пп | Пп | ъ | ъ |
| Жж | Жж | Рр | Рр | Ыы | Ыы |
| Зз | Зз | Сс | Сс | ь | ь |
| Ии | Ии | Тт | Тт | Ээ | Ээ |
| й | й | Уу | Уу | Юю | Юю |
| Кк | Кк | Үү | Үү | Яя | Яя |

Кыска үндүүлөр: а, о, у, ы, ө, ү, э, (е), и.

Созулма үндүүлөр: аа, оо, уу, ээ, өө, үү.

Каткалаң үнсүздөр: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, щ, ш.

Жумшак үнсүздөр: б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р.

Йоттошкон тамгалар: е, ё, ю, я.

Ажыратуу белгиси: ъ.

Ичкертүү белгиси: ь.

## «Алиппе» майрамы

Бүгүн биздин мектепте,
«Алиппенин» майрамы.
Окуп калдым бүт таанып,
Отуз алты тамганы.

Алгач жүрсөк апкаарып,
Анан көнө баштадык.
Жаңылмачка тил көнүп,
Жакшы ырларын жаттадык.

Көптү билдик көп окуп,
«Алиппе» менен достошуп.
Сезимдерди ойготту,
Оюбузга ой кошуп.

Сүйүктүү ушул «Алиппе»
Китептердин төл башы.
Жолуктурган дөөлөргө,
Жомогу бар көп жакшы.

*Байтемир Асаналиев*



## Ташкент

Ташкент – Өзбекстандын борбору. Ташкент шаары аябай кооз. Анда көп улуттуу элдер жашашат. Алар бир-бири менен ынтымактуу.

Ташкент шаарында бийик-бийик имараттар бар. Көчөлөрү кенен. Жолдун жээктерине түрдүү гүлдөр отургузулган.

Ташкентте жер асты жана жер үстү метросу иштейт. Метродо жүрүү ыңгайлуу.


## Төрт мезгил



Жазды мактап тоскондой,
Ырдай берет боз торгой.
Төрт түлүк мал төлдөшөт,
Айран, сүттү көлдөтөт.



Бедерленип жер бети,
Жашылданат келбети.
Чымын, чиркей көпөлөк,
Учуп жүрөт көкөлөп.



Жамгыр жаап күз келди,
Жалбырактар күбүлөт.
Сары, кызыл жалбырак,
Бутубузга үйүлөт.



Мына, мына аппак кар,
Аппак карда алтын бар.
Жазда тердеп эришет,
Жерге жашын төгүшөт.

## Капар менен карга

Капар: – Карга, карга!
Бутуң үшүбөйбү карда?
Карга: – Кар-р, кар-р,
Капкара өтүгүм бар.
Капар: – Карга, карга!
Дагы кандай таптың арга?
Карга: – Тынымсыз басам, чокуйм,
Тынч турган абалым чанда.
Капар: – Карга, карга!
Балдарың үшүбөйбү карда?
Карга: – Кар-р, кар-р,
Жылуу уясы бар жарда.




# КЫРГЫЗ УЛУТТУК КИЙИМДЕРИ

## Эркектердин улуттук баш кийимдери

### Калпак

Ак калпагы кыргыздын,
Ак жүзүндөй нур кыздын.
Ак кар баскан тоолордо,
Ак нурундай жылдыздын.



Ала-Тоонун койнунда,
Акыл калчап бийиктен.
Ар-намыстуу уулдары,
Аппак калпак кийишкен.

### Тебетей

Сүлөөсүндөн, суусардан,
Кастарланып тигилген,
Тебетейлер байыртан,
Баалуу башка кийимден.



## Аялдардын улуттук баш кийимдери

### Элечек



Балпайышып энелер,
Суйкашып жеңелер,
Элечекти кийишсе,
Перилерге теңелер.

Ак кар жатса тоолордо,
Бийиктигин билдирет.
Ак элечек энenin,
Ыйыктыгын билдирет.

### Шөкүлө



Саамайлары сеңселген,
Көрк кошулган көркүнө.
Кызыл кымкап, кундуз жээк,
Кыздар кийген шөкүлө


Ак шөкүлө Айчүрөк,
Аккуу болуп барыптыр.
Сызып учуп асмандан,
Семетейге жагыптыр.

*Гулмира Казыбай кызы*

**Үкү топу**

Үкү топу – кыргыз кыздарынын эң эле жарашыктуу кийимдери. Аны илгери ата-бабаларыбыз кыздарына тойлордо, майрамдарда аземдеп кийдиришчү.

Кыздар күн сайын кийиши үчүн үкү топу шөкүлөгө караганда ыңгайлуу. Ал жеңилдиги жана жарашыктуулугу менен айырмаланат. Төбөсүнө сайылган желбиреген үкү канаты же кооз чачык кыз балдарга сулуулук алып келет.



## ЖАКШЫ КЫЗ

Гүлнар 1-класста окуйт. Ал ар дайым таза кийинип, өзүн тыкан алып жүрөт. Сабакка дилгирлиги, тырышчаактыгы менен окуучулардын алды саналат. Мугалимди ынтаа коюп угат. Анын адептүү жүрүм-турумун курбулары да жактырышат.

Мектептен келгенден кийин жуунуп, тамактанууга киришет. Тамактан кийин идиштерди жууп, орду-ордуна коёт. Үйгө берилген тапшырмаларын аткарууга киришет. Эсептерди чыгарып, жазуу иштерин аткарат, жатка үйрөнүп кел деген ырларды жаттап алат.

Бош убактысында үй ишине жардамдашат. Кичипейилдигине, элпектигине, тыкандыгына көңүл бөлүп жүргөн апалар да Гүлнарды бүйрө, тыкан жана жакшы кыз дешет.

*Сулайман Рысбаев*

## Ак самын



Көбүр-көбүр, ак самын,
Кызматыңды баштагын.
Кулагыма жабышкан
Чаңды чайып таштагын.
Көбүр-көбүр, ак самын,
Көбүгүңдү катпагын.
Чамбыл-чумбул балтырым
Көтөрүп ур баткагым.
Көбүр-көбүр, ак самын,
Көпкөк тунук суу жаным.
Булчуңдарым сергисин,
Маалы менен жуунамын.

## Табышмактар

Болсо дагы төрт буту,
Баспайт, бирок секирет.
Түндө чардайт курулдап,
Күндүз кайра бекинет.

(Б..а)

Кыргыз сүйгөн бул аспап,
Болсо дагы кичине.
Толгон күүнү батырып,
Келе жатат ичине.

(К…з)

# АР НЕРСЕНИН ОРДУ БАР



– Эне, кайчы кайда?

– Жип-шуу салган кутуда.

– Анда жок экен.

– Жок болсо эмне кылайын. Эмнени алсаң да кайра ордунда кой деп, дайыма какшап айтып келатам го. Ар нерсе өз ордунда туруу керек. Бая күнү кагаз кесип жатпадың беле? Кайда койдуң? – дегенде Керим ойлонуп калды. Кайда койгонун эстей албады. Өз учурунда ордуна койгондо мынча убаракерчилик болмок эмес. Ошентип, көпкө издеди. Акыры китеп койгон текчеден тапты.

Керимдин канча убактысы текке кетти. Бирок бул жолу ал кагаздан кесип жасаган тапшырманы орундар замат, кайчыны кутуга алып барды. Кызы үй тартибин мындан ары жакшы сактай турган окшоду.

*Сулайман Рысбаев*

## Билимиңди сына

1. **А** кандай тамга?

- Үндүү
- Үнсүз
- Созулма
- Йоттошкон

2. Бир жылда канча ай бар?

- 25
- 12
- 10
- 35

3. **Уя** сөзүндө канча тамга, канча тыбыш бар?

- 2 тамга 2 тыбыш
- 2 тамга 3 тыбыш
- 3 тамга 2 тыбыш
- 3 тамга 3 тыбыш

4. **К** кандай тамга?

- Үндүү
- Үнсүз
- Созулма
- Йоттошкон

## Интернет

Кыдырамын күнүгө,
Булуң-бурчун дүйнөнүн.
Балдар менен достошом,
Бирок өзүм үйдөмүн.

Бардык жерден заматта,
Жаңылыкты угамын.
Жер тыңшаган Маамыттай,
Бирок үйдө турамын.

Калдыңарбы кызыгып,
Мунун сырын билсем деп.
Техника бул заманбап,
Анын аты – интернет.

*Ысмайыл Кадыров*





## Физкультура

Жазында, жайында жылуулукта,
Көлгө түш, күнгө кактан, жаткын кумга.
Унутпа, эсиңе тут, бардык байлык,
Баатырдык сулуулук да мына ушунда.

Жарашпайт жабык жүрүү жаш муунга,
Ачык бол, өнөр үйрөн, бекер турба.
Ооруну соолор сүйбөйт, оору жаман.
Соолуктун атасы ким? – Физкультура!

Тазалык – ден соолуктун булагы.


Таза болсоң, соо болосуң.

Соо жаныңды оору дебе.




## Суроо-жооп табышмак

– Жумшактын жумшагы эмне?
– Кебез.
– Катуунун катуусу эмне?
– Таш.
– Кезектешип жарык берген эмне?
– Күн, Ай.
– Мээрими менен нур берип, жылытып турган не болот?
– Күн.
– Дүйнөдө эмне күлүк?
– Ой.
– Дүйнөдө эмне таттуу?
– Уйку.
– Баарынан эмне семиз?
– Баарынан жер семиз.
– Ким сүйлөбөй окутат?
– Китеп.



**Таш бака**

Саякатчы таш бака,
Сахарага барыптыр.
Чөлдөн ысык өтөт деп,
«Чөйчөк» кийип алыптыр.
Сайран куруп бир далай,
Таң-тамаша салыптыр.
Анан далай жылдан соң.
Ал таш бака карыптыр.
А «чөйчөгү» жонунан,
Түшпөс болуп калыптыр.

*Исабек Токтогулов*

Буту бар, башы бар,
Үстүндө ташы бар.



## Жаңылбай бат айт

Апал сулуубу?
Үсөн улуубу?
Үпөл сулуубу?
Асан улуубу?

* * *

Асан менен ким эгиз?
Апал менен ким эгиз?
Үсөн менен ким эгиз?
Үпөл менен ким эгиз?

* * *

Араала балам, араала,
Атаңа бир аз карала.
Сен араалабаганда,
Ким арааламак эле.

* * *

Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегенин күбүсө,
Жерге баары түз түштү.

## **Топмун, топмун деп бака...**

Топмун, топмун деп бака,
Ыргып түштү баткакка!
Эртең менен кийгизген,
Эмне болду ак жака?

Бак-бак,
Бак-бак, бак, бака,
Ойнобойт балдар баткакта.
Кийимдерин булгабай,
Жүрүшөт дайым таптаза.

*Каныбек Жунусов*



## Тамга ырлар

Алфавиттин башаты
«А» тамгадан башталат.
Ата, апа ыйык сөз,
«А» тамгада айтылат.

Билек түрүп баатырларча,
«Б» тамгасы боломун.
Жакшы окуп келечекте,
Билим алуу тилегим.

Гүлзар ичин аралап,
Гүлдөр терип жүрөмүн.
«Г» тамгасын үйрөнүп,
Гүлдүн түрүн билемин.

«Д» деген тамга мен болом,
Достукту бекем колдогон.
Эр болом мекен коргогон.
Душманды чектен өткөзбөй,

Жаа сыяктуу ийилген,
«Ж» тамгасын билип ал.
Жыргалдуу кең заманда,
Жакшы окуп, билим ал.

«З» тамгадан башталган,
Зулфия акын эжем бар.
Ыр жазууну ойлосоң,
«З» тамганы билип ал.

«Й» тамгадан башталган,
Сөз жок экен кыргызда.
Ай дегенде бар экен,
«Й» жок экен жылдызда.

Кийим  кийип калыңдап,
Канат кайда камынат.
Карасаңар баарына
«К» тамгасы жазылат.

*Айсулуу Тойчубаева*

## Аппак кар

Аппак, аппак айлана,
Жаап жатат кар кайра.
Музду көздөй жөнөйлү,
Конькилерди байлана.

Тоого барып береги,
Чана, лыжа тебели.
Тиет экен абыдан,
Ден соолукка кереги.

Аппак, аппак, аппак кар,
Ак кийинген бакчалар.
Мелдештерге катышып,
Жеңсек деген максат бар.

*Турдубек Чокиев*

*O'quv nashri*

**АЙСУЛУУ ТОЙЧУБАЕВА, АБИБА ЮНУСАЛИЕВА**

# ALIFBE

Umumiy o'rta ta'lim maktablarining
1-sinfi uchun darslik

*(Qirg'iz tilida)*

*Yangi nashr*

Редактору *Зулпихаров Анваржон*
Көркөм редактору *Собир уулу Оловиддин*
Техник редактору *Турахaнов Шохрух*
Сүрөтчүлөр *Икромова Шохсанам,*
*Утекулова Гүлмира, Жуманиязова Роза*
Компьютерде даярдаган *Икромова Шохсанам*
Корректору *Мадина Абдыманапова*

2021-жылы ______ басууга уруксат берилди.
Форматы 60x84 1/8. Арип түрү «Arial». Кегли 18. Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 9,3. Учёттук басма табагы 12,1.
Нускасы 972. Келишим №___.

**«Kolorpak» ЖЧК басмаканасында басылды. Ташкент шаары,**
**Юнусабад району, Янгишахар көчөсү, 1-А үй.**

COLORPACK